**АБДЫБЕКОВА Н.А.,**
*Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы*

# ДЕНЕ ТАРБИЯ БАГЫТЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИ КЕП, ТИЛ ЖАНА КЕП ИШМЕРДҮҮЛҮККӨ ОКУТУУ

**Аннотация:** Бул илимий макалада тил жана кептин окшоштук жана айырмачылыктары каралат. Автор дене тарбия багытындагы студенттердин англис тили сабагында кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун айрым маселелерин, окутуунун жол-жоболорун баяндайт.

**Аннотация:** В научной статье рассматриваются сходства и различие языка и речи. А также автор всесторонне рассматривает некоторые вопросы формирования навыков речевой деятельности студентов по направлению «физическая культура» на занятиях английского языка.

**Abstract:** In the scientific article similarities and distinction of language and the speech are considered. And also the author thoroughly examines some questions of the formation speech activities of students in the field of «physical culture" at the English lesson.

**Түйүндүү сөздөр:** тил, кеп, кепишмердүүлүгү, окутуунун методдору.

**Ключевые понятие:** язык, речь, речевое деятельность, методика обучения.

**Key words:** language, speech, speech activity, methods of teaching.

Кыргызстан акыркы учурда чыгыш жана батыш Европа өлкөлрү менен эл аралык карым-катнаш мамиле түзүп, өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын жөнгө салып келет. Ошондуктан билим берүү системасы татыктуу адистерди тарбиялоону, чет тилинде эркин сүйлөөгө үйрөтүүнү, башка маданияттардын өкүлдөрү менен жогорку профессионалдык коммуникацияда баарлашууну талап кылат.

Чет тилинде эркин сүйлөө бардык профилдеги адистер үчүн престиждүү. Эл аралык спорт келишимдерин түзүү, спорттук мелдештерге катышуу, дүйнөлүк чемпионаттарда, кышкы жана жайкы Олимпиадаларда кыргыздын байрагын жогору көтөрүү дене тарбия багытындагы студенттердин сыймыгы. Эл аралык илимий-практикалык конференция, симпозиумдарга катышуу, чет жактагы иш тажрыйбасы кенен кесиптештерден тажрыйба алуу, билимин жогорулатуу, курс-семинарларга катышуу чет тилин билүүнү талап кылбай койбойт. Ушундан улам спорттук адистиктеги студенттердин чет тилин билүү деңгээлин жогорулатуу үчүн жолдорду аныктоо биздин изилдөөбүздөгү милдеттердин бири экенин айта кетпесек болбойт. Бирок, тилекке каршы, дене тарбия багытындагы студенттердин чет тилин билүү деңгээли төмөн жана жетишсиз. Тил адам баласынын карым-катышынын зарыл куралы катары оозеки пикир алмашууда эле эмес, өлкөлөр менен расмий же дипломатиялык алака түзүүдө, канцелярдык иш кагаздарынын колдонулушунда да колдонулат. Спортсмендин жан дүйнөсү канчалык бай болсо анын ой жүгүртүүсү да ошончолук терең болот. Тил байлыгына ээ болгон адамдын ой жүгүртүүсү ар тараптуу болуп, анын жан дүйнөсү, жашоосу руханий дөөлөттөр менен сугарылат. Натыйжада коомдун маданий-тилдик катышынын абалы жакшырып, социомаданий туруктуулук орун алат, башкача айтканда, пикир алышуу маданияты өркүндөйт. Студенттерди дүйнөлүк маданияттын руханий дөөлөттөрү менен сугарууда чет тилсиз бийик максаттарга жетишүү мүмкүн эмес.

Лингводидактика жана чет тилин окутуунун методикасына чоң салым кошкон окумуштуулардын эмгектери: Б.Г.Ананьев, Н.И.Жинкин, И.А.Зимняя, А.Н.Леонтьев, А.А.Леонтьев, С.Л.Рубинштейн, Ю.А.Самарин, Л.В.Щерба, Т.Н.Астафурова, Н.В.Барышников, И.Л.Бим, Н.Д.Гальскова, Н.И.Гез, П.Б.Гурвич, Н.В.Кузьмина, В.П.Кузовлев, А.А.Миролюбов, Е.И.Пассов, В.Л.Скалкин, С.Ф.Шатилов, Hymes, Norris, Schiffrin, Parret. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун илимий-методикалык проблемалары боюнча изилдеген К.А.Биялиевдин, К.Дербишеванын, К.Д.Добаевдин,

С.К.Рыспаевдин эмгектери изилдөөбүзгө таяныч болду. Ошондой эле окутуунун кырдаалдуулугуна өзгөчө басым коюу менен гана анын практикалык баалуулугун, анын ичинде маек кебин (диалогдук кепти) өстүрүүнү натыйжалуу арттырууга болоорун аты аталган окумуштуулар баса белгилешкен.

Лингводидактикада тил жана кеп - бир обьектинин эки абалы катары да каралат: тил-статика, кеп-динамика. «... Окуя, кыймыл-аракет болуп, кеп убакыт менен мейкиндикке жайылат, таралат, демек, ал динамикалуу; тил статикалык кубулуш катары аталган параметрлерден сырткары берилет» **[2, с. 431].** Табигый тил - бул сөздөр тили. Ал эми сөз болсо белгилик касиетке ээ, т.а., ал белги **[7, с.3].**

Кеп экстралингивистикалык чындык менен түздөн-түз байланышып, дүйнөнү толук, адекваттуу, оперативдүү, бардык байланыштарында деталдаштырып көрсөтөт, тил болсо мындай касиетке ээ эмес.

Методикалык адабияттын дээрлик баарында тил менен кептин эң негизги функциялары катары төмөнкүлөр каралат: тил – бул пикирлешүү, маектешүүнүн өтө маанилүү каражаты, кеп – бул пикир алышуу, маектешүүнүн жүзөгө ашырылышы **[1, 44-б].**

Кептин дагы бир маанилүү кызматы – анын ой куруу, жаратуу куралы экендиги. Тил менен ой жаратуунун, куруунун ортосундагы байланыш, чындыгында, кеп менен ойдун ортосунда болуп өтөт жана бул маселе алиге чейин терең изилдене элек. Албетте, сөздөрдү катыштырбай, ой жүгүртүү мүмкүн эмес. Бирок ошол эле учурда адамдын аң сезиминде чагылгандай тез жаралып, өтүп кетүүчү ой дайыма эле толугуу менен сүйлөм же фраза калыбында боло бербейт. Буга байланыштуу ички кептеги сөздөрдүн мааниси эбегейсиз кеңейип, маалымдоо функциясы өсүп, көпчүлүк учурда бүтүндөй тексттин маанисин камтыган бирдик катары кабыл алынарын айрым окумуштуулар адилеттүү белгилеп жүрүшөт**.**

Ал эми сүйлөө кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздерин окутуунун методикалык жактан иштелиш деңгээли бүгүнкү күндүн суроо талаптарын толук канааттандыра албай келе жатат. Методика илиминдеги мындай абалга карабастан, англис тили сабактарында окутуунун маанисин, барк-баасын, тилди окутуудагы ордун жана ролун жогору койгон сунуш-пикирлер методисттер тарабынан көп айтыла баштады. Республикабызда англис тилин талаптагыдай деңгээлде үйрөтүү, анын практикалык баалуулугун көтөрүү жана окутууну коммуникативдик багытта уюштуруу үчүн бул тажрыйбаларды кеңири үйрөнүүбүз зарыл. Мындан сырткары, учурда жогорку окуу жайларындагы спорттук адистиктеги студенттердин сүйлөө кебин өстүрүү жана окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу иштерин жүргүзөбүз.

Гениалдуу немис окумуштуусу Вильгельм Гумбольдт (1767-1835) алгачкылардан болуп тил жана кеп маселесин атайын илимий изилдөөгө алып, «… биз «тил» деп адат боюнча атаган сөздөрдүн жана эрежелердин иретсиз хаосунда кеп ишмердиги аркылуу анын айрым гана элементтери белгиленээрин, жандуу кептин маңызын туюп, жандуу тилдин так сүрөтүн жаратуу үчүн ар дайым кайталанып турган кеп ишмердиги зарыл экендигин» баса белгилеген. [**3, с.68-86].**

Тил жана кеп маселесине өз учурунда улуу орус окумуштуулары А.А. Потебня (1835-1891), Ф.Ф. Фортунатов (1848-1914). И.А. Бодуэн де Куртенэ (1945-1929) да кайрылышкан. Бирок бул маселени бирдиктүү окуу теориясы катары иштеп чыгуу азыркы структурализмдин негиздөөчүсү Ф. Де Соссюрга (1857-1913) таандык. Аталган окумуштуунун тил менен кептин маңыз-табиятын терең ачып берген жана аталган маселе боюнча бир кыйла оригиналдуу ойлорду камтыган «Жалпы лингивистика курсу» аттуу эмгеги 1916-жылы жарык көргөн. Бул эмгек

Ф. Де Соссюрдун шакирттери тарабынан окумуштуунун лекцияларынын негизинде түзүлгөн [Соссюр, 1977].

Тил жана кеп бири-бири менен ажырагыс байланышта, тил – сөз өнөрү, баарлашуу каражаты, дүйнө жүзүн таанып-билүүгө көмөктөшкөн, адамзатынын дидарлашуу куралы.

Кеп менен тилди бири-биринен бөлүп кароого болбойт, себеби адамдын кеп ишмердүүлүгү жазуу, окуу, угуу, сүйлөө менен байланышта. Адам баласы жөрмөлөп, буту басканга чейин эле сөздүк запасы күндөн-күнгө көбөйүп, дүйнө таануусу кеңейип, сүйлөөгө болгон жөндөмдүүлүгү артат. Ушундай маселелерден улам биздин изилдөөбүз спорттук адистиктеги студенттердин сүйлөө кебин калыптандырууга арналды. Орто мектептерди бүтүп, айыл жергесинен келген биздин студенттердин айрымдары үчүн чет тили жаңы өтүлүп жаткан мисалдар бар.

Тил - сөз өнөрү гана эмес, адамдардын өз ара пикир алмашуусунун да маанилүү куралы. Тилдерди билүү түрдүү улуттун өкүлдөрүнүн бири-бири менен байланышын, акылдашуусун ишке ашырат. Элдердин кылымдар бою жыйнаган маданий мурастарын, тилин үйрөнүү, кастарлоо интернационалдык тарбиянын да эң негизги белгиси болуп саналат. Тил, маданият жана тарых ар бир улуттун уюткусу болуп саналат. Тил - бул курал, адамдын жан сактоочусу. Коом тилсиз жашай албайт, коомду коом кылып турган да тил.

Ал эми тил менен кептин жалпылыгы жана өзгөчүлүктөрү кайсылар экендиги Ж.Чымановдун эмгегинде төмөнкүчө белгилеген:

- Тил - пикир алышуунун негизги куралы.

Кеп - ал куралдын колдонулушу, пикир алышуу процессинин жыйынтыгы.

- Тил - пикир алышуу каражаттарынын системасы, кеп-ошол системанын реализацияланышы (сүйлөшүүнүн өзү).

Кеп - ал системанын аркетке келиши.

- Тил-тилдик бирдиктердин системасы

Кеп-ал системанын ыраттуу иш-аркети.

- Тил - тилдик бирдиктердин системасы, кеп-тилдик бирдиктердин тилдик эреже, закондордун негизинде пикир алышуудагы ырааттуулугу.
- Тил - статикалык кубулуш, кеп-динамикалык кубулуш.
- Тил - жалпылык, кеп-жекелик кубулуш.
- Тил - абстрактуу, кеп-конкреттүү.
- Тил - инвариант (туруктуу), кеп-вариант (өзгөрмөлүү).
- Тил - социалдык, кеп-индивидуалдык [**5, 136-б].**

Жогорудагы Ж.А.Чымановдун ойлоруна таянсак, кептин материалдык жагы - тилдик система экен, тилсиз кептин болушу мүмкүн эмес. Тилдик система кептин болушу үчүн жападан-жалгыз каражат болсо, кептин өзү - тил системасынын жашоосунун бирден-бир формасы. Башкача айтканда, тил менен кеп бирин экинчиси шарттап турган, биринин жаралышы үчүн экинчиси негиз болгон бир бүтүндүктүн негизги бөлүктөрү.

Советтик психологиялык мектептегилер психологиялык процесстерди материалисттик негиздерге таянып чечмелеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келишкен: адам баласынын аң-сезими практиканын жана адамдын иш аракетинин негизинде ишке ашырылат. Сабак учурунда Н.И. Жинкиндин ою боюнча студенттердин сөз байлыгын өстүрүү, коммуникацияга болгон муктаждыгын жаратуу керек. Ошондо гана зарылдык жана муктаждык келип чыгат. Сабак учурунда кырдаалды ойлоп табуу менен, студенттерди сүйлөөгө аргасыз кылабыз. Кептин функциялары – сүйлөшүү, маалымдоо, көмөктөшүү (общение, сообщение, воздействие). Жогорудагы айтылгандардын бардыгы бирдиктүү, стилистикалык-кептик кырдаалды түзөт. Стилистика студенттерге жана окуучуларга кептик ситуацияны элестетүүгө, ойлоп табууга, суроолорго жооп берүүгө үйрөтөт, Н.А. Жинкин айткандай коммуникацияга болгон зарылдык келип чыгат. [**6, с.11].**

Сөздүн мааниси адамды калыптандырууда чоң ролду ойнойт. Адамдын интелектуалдуу өсүп-өнүгүшүндө сөз жана белгилер аркылуу ою айтылат.

Л. С. Выготский аны «психологиялык курал» деп көрсөтөт. Андыктан, тил – бул психологиялык курал катары адамдын жүрүм-туруму, жашоосу жана адамдын коомго болгон мамилесине тийгизген таасири чоң. Ушуга байланыштуу , мындай суроо келип чыгат: кандай даражада сөз адамдын жүрүм -турумуна таасир этет. [**4, с.352].**

**Адабияттар**


1. К.А.Биялиев «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары коммуникативдик багытта окутуу методикасынын негиздери» аттуу доктордук диссертация. Б.: 2010. 44-б.
2. Русс.язык: энциклопедия.-М., 1979.-с. 431.
3. В.Гумбольдт. О различии строения человеческих языков и его влиянии на духовное развитие человеческого рода Звегинцев В.А. Хрестоматия по истории языкознания XIX-XX веков. М.: 1956. с.68-86.
4. Выготский Л.С. педогогика. Л.А.Ш./ш10/я 4 Язык и речь, Акад.наук 1982-1983гг, с.352.
5. Ж.А.Чыманов. Тил жана кеп жөнүндө сөз. 136-б.
6. Капинос В.И. работа по развитию речи учащихся в сфере теории речевой деятельности. – Русский язык в национальной в школе,1978, №4 с. 59.
7. Пазухин Р.В. О месте языка в семиологической классификации.- Вопросы языкознания, 1968 №3.